**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. CHEMISTRY. BIOLOGY. GEOGRAPHY

**e-ISSN: 1694-8688**
№1(6)/2025, 15-24

***БИОЛОГИЯ***

**УДК: 599. 3**
**DOI:** 10.52754/16948688_2025_1(6)_2

# «САРКЕНТ» МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫНЫН АЙМАГЫН БАЙЫРЛАГАН ЖАПАЙЫ ДОҢУЗДУН (Sus scrofa Linnaeus, 1758) ПОПУЛЯЦИЯЛЫК ӨЗГӨЛҮКТӨРҮ

## ОСОБЕННОСТИ ПОПУЛЯЦИИ КАБАНА (Sus scrofa (Linnaeus, 1758)) НА ТЕРРИТОРИИ ГОСУДАРСТВЕННОГО ПРИРОДНОГО ПАРКА «САРКЕНТ»

## FEATURES OF THE WILD BOAR POPULATION (Sus scrofa (Linnaeus, 1758)) IN THE TERRITORY OF THE STATE NATURE PARK "SARKENT"

**Абжамилов Сапарбай Ташматович**
*Абжамилов Сапарбай Ташматович*
*Abzhamilov Saparbay Tashmatovich*

**б.и.к, доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.б.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Biological Sciences Associate Professor, Osh State University*
sabjamilov@oshsu.kg
ORCID:0009-0005-7909-6205

---

**Атабеков Үсөн Аданович**
*Атабеков Үсөн Аданович*
*Atabekov Uson Adanovich*

**б.и.к, доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.б.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Biological Sciences Associate Professor, Osh State University*
uatabekov@oshsu.kg
ORCID:0009-0001-3066-724X

---

**Канатбекова Айнагүл Канатбековна**
*Канатбекова Айнагүл Канатбековна*
*Kanatbekova Ainagul Kanatbekovna*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's student, Osh State University*
sabjamilov@oshsu.kg

# "САРКЕНТ» МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫНЫН АЙМАГЫН БАЙЫРЛАГАН ЖАПАЙЫ ДОҢУЗДУН (Sus scrofa Linnaeus, 1758) ПОПУЛЯЦИЯЛЫК ӨЗГӨЛҮКТӨРҮ

**Аннотация**

Макалада 2012 – 2019-жылдар аралыгында «Саркент» МЖПнын аймагындагы доңуздун (Sus scrofa (Linnaeus, 1758)) таралуу өзгөчөлүктөрү боюнча изилдөөнүн жыйынтыктары берилген. Парктын аймагында жапайы доңуздун таралуу жыштыгы, аймактардын өзгөчөлүгүнө байланыштуу кескин айырмаланып турат. Алсак Асман Жайлоо капчыгайында жапайы доңуздун баш саны акыркы жылдары 1 000 гектарына 1,32±0,06 баштан 6,86±0,06; 8,18±0,06 башка чейин өскөн, Бексууда 1 000 гектарына 3,37±0,03башка барабар. Кээ бир аймактарда Теңизбайда алгачкы жылдары жапайы доңуз кездешкен эмес, кийинки жылдары алардын башы кескин жогорулап 1000 гектарына 4,58±0,05 жана 4,33±0,03башка барабар болгон. Ал эми, Кашка Суу, Көл, Эски Мечит, жана Айкөл капчыгайларында жапайы доңуздун таралуу жыштыгы 1 000 гектарына 1,90±0,01баш менен 2,96±0,02баштын аралыгын түзөт. Бул маалыматтардын жыйынтыгы боюнча алып караганда дагы эле болсо жапайы доңуздун саны өткөн кылымга салыштырмалуу өтө эле төмөнкү чекке түшүп кеткендиги байкалып турат. Жапайы доңуздун сандык динамикасы боюнча дагы кескин айырмаланып, Бек-Суууда - 0,28±0,19% дан 2,82±0,62% га чейин; Асман Жайлоодо - 0,70±0,31% дан 4,38±0,79% га чейин; Кашка Сууда-0,28±0,19% дан 2,96±0,64% га чейин өзгөрүлүп турат. Ал эми жалпы парктын аймагы боюнча жапайы доңуздун динамикалык көрсөткөчтөрү 3,25±0,67 пайыздан 19,1±1,47пайызга чейин жогорулагандыгы аныкталды.

***Ачкыч сөздөр:*** *экосистема, трофика, эталогия, ландшафт, миграция, инвентаризац, сандык динамикасы*

## *ОСОБЕННОСТИ ПОПУЛЯЦИИ КАБАНА (Sus scrofa (Linnaeus, 1758)) НА ТЕРРИТОРИИ ГОСУДАРСТВЕННОГО ПРИРОДНОГО ПАРКА «САРКЕНТ»*

**Аннотация**

В статье представлены результаты исследования особенностей распространения кабана (Sus scrofa Linnaeus, 1758) на территории национального парка «Саркент» в период с 2012 по 2019 год. Частота распространения кабанов на территории парка существенно различается в связи с особенностями регионов. Например, в ущелье Асман-Жайлоо численность кабанов за последние годы увеличилась с 1,32±0,06 голов на 1000 га до 6,86±0,06; Поголовье скота выросло до 8,18±0,06 голов, что эквивалентно 3,37±0,03 голов на 1000 га в Бексуу. На некоторых участках Тенгизбая в первые годы кабаны не встречались, но в последующие годы их численность резко возросла и составила 4,58±0,05 и 4,33±0,03 голов на 1000 га соответственно. Однако в ущельях Кашка-Суу, Кол, Эски-Мечит и Айкол плотность кабанов колеблется от 1,90±0,01 до 2,96±0,02 голов на 1000 га. Судя по результатам этих данных, все же заметно, что численность диких кабанов снизилась до очень низкого уровня по сравнению с прошлым столетием. Динамика численности кабанов также резко различалась: в Бек-Суу – от 0,28±0,19% до 2,82±0,62%; В Асман джайлоо - от 0,70±0,31% до 4,38±0,79%; В Кашка-Суу она колеблется от 0,28±0,19% до 2,96±0,64%. Однако установлено, что динамические показатели численности кабанов на

## *FEATURES OF THE WILD BOAR POPULATION (Sus scrofa (Linnaeus, 1758)) IN THE TERRITORY OF THE STATE NATURE PARK "SARKENT"*

**Abstract**

The article presents the results of the study of the peculiarities of wild boar (Sus scrofa Linnaeus, 1758) distribution on the territory of the national park "Sarkent" in the period from 2012 to 2019. The frequency of wild boar distribution on the territory of the park varies significantly due to the peculiarities of the regions. For example, in the Asman-Zhailoo Gorge, the number of wild boars has increased from 1.32±0.06 heads per 1000 ha to 6.86±0.06 in recent years; the number of cattle has increased to 8.18±0.06 heads, which is equivalent to 3.37±0.03 heads per 1000 ha in Beksuu. In some areas of Tengizbai, wild boars were not encountered in the first years, but in subsequent years their numbers increased dramatically to 4.58±0.05 and 4.33±0.03 heads per 1000 ha, respectively. However, in Kashka-Suu, Kol, Eski Mechit and Aikol gorges the density of wild boars varies from 1.90±0.01 to 2.96±0.02 heads per 1000 ha. Judging from the results of these data, it is still noticeable that the number of wild boars has decreased to a very low level compared to the last century. Dynamics of wild boar numbers also differed sharply: in Bek-Suu - from 0.28±0.19% to 2.82±0.62%; in Asman jailoo - from 0.70±0.31% to 4.38±0.79%; in Kashka-Suu it varies from 0.28±0.19% to 2.96±0.64%. However, it was found that the dynamic indicators of wild boar abundance in the whole territory of the park increased from 3.25±0.67% to 19.1±1.47%.

всей территории парка возросли с 3,25±0,67% до 19,1±1,47%.

***Ключевые слова:*** *экосистема, трофический, рекреационный, этология, ландшафт, миграция, инвентаризация, количественная динамика.*

***Keywords:*** ecosystem, trophic, recreational, ethology, landscape, migration, inventory, quantitative dynamics.

**Киришүү**

Кыргызстан Борбордук Азиядагы тоолуу өлкө катары фаунасынын түрдүк курамы ар түрдүү болуп, алардын аймактар боюнча таралышы жана калыптанышы абдан татаал. Анткени Кыргызстандын аймагынын деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги 2750м бийиктиктен орун алышы, айланасынан ири чөлдөр менен курчалып турушу, климаттын кескин континенталдуулугу өлкөнүн фаунасынын биологиялык ар түрдүүлүгүнүн калыптанышына түздөн-түз таасирин тийгизип турат [8].

Бирок учурдагы глобалдаштыруу, климаттын өзгөрүүсү, мөңгүлөрдүн эриши айрыкча тоо экосистемаларына кыйыр жана түздөн түз таасир этүү менен алардын жандуу компоненттеринин сандык жана сапаттык өзгөрүүсүнө алып келүүдө

Климаттык шарты өтө катаал бийик тоолуу экосистемалардын негизги жандуу компоненттерин тоо теке-эчкилер, аркар-кулжалар, жапайы доңуз, ак илбирс, мадыл, сүлөөсүн жана башка майда фитофаг жана жырткыч жаныбарлар түзөт [1, 2, 3].

Ошондуктан тоо системаларын окуп үйрөнүү маселелеринин маанилүүлүгү илимий гана эмес, ошондой эле бул экосистемалардын антропогендик таасирлерге өзгөчө сезгичтиги менен аныкталуучу чоң практикалык мааниге ээ (Злотин, 1975) . [5].

Кыргызстандын тоолуу аймактарынын жапайы туяктуу жаныбарлардын ичинен жапайы доңуз (Sus scrofa L.,) туяктуу жаныбарлар фаунасынын эң кеңири таралган жана этологиялык жактан активдүү өкүлдөрүнүн бири. Алар тоо этегиндеги бөксө тоолордон тартып, климаттык шарты катаал бийик тоолуу аймактарга чейин бардык бийиктик алкактуу тоолуу аймактарда кездешет жана ар түрдүү ландшафттарды жана биотопторду мекендейт. Ошондуктан алар экологиялык жактан бир кыйла ийкемдүүлүгү, жогорку тукумчулдугу жана кеңири таралган активдүүлүгү менен шартталган.

Аны изилдөөнүн маанилүүлүгү промыселдик кызыкчылык менен гана эмес, жапайы доңуз жергиликтүү ар кандай ландшафттык тоо фаунасынын маанилүү компоненти болуп санала тургандыгы жана аны изилдөө тоо экосистемасынын биотасынын жана функционалдык түзүлүшүн түшүнүү үчүн зарыл экендиги менен байланыштуу.

Тилекке каршы учурдагы мал чарбачылыгында малдын санынын кескин өсүшү, жапайы фитофаг жаныбарларга карата атаандаштыкты пайда кылуу менен алардын жашоо-тиричилик чөйрөлөрүнүн кескин кыскаруусунан, трофикалык базасынын төмөндөшүнөн, аларга карата браконеликтин күчөшүнөн улам ар кандай миграциялык касиетке туш болууда.

Ошондуктан тоо экоситемаларынын компоненттерин жашыл технологиялык багытта сарамжал пайдалануу, коргоо жана калыбына келтирүү максатында алардын жандуу компоненттерине такай илимий мониторинг жүргүзүүдө өзгөчө коргоого алынган аймактардын иш аракети өзгөчө. Мына ушул максатта ОшМУнун зоология, экология жана биоинженерия кафедрасынын кызматкерлери «Саркент» мамлекеттик жаратылыш паркынын кызматкерлери менен биргеликте көп жылдан бери омурткалуу жаныбарларга карата инвентаризациялык изилдөө иштерин жүргүзүп келишет.

Ошондуктан бул макаланын негизги мазмунун Түркстан кырка тоолорунун арасын, кокту колотторун мекендеген жапайы доңуздун учурдагы саны жана анын динамикасын изилдөөнүн жыйынтыктары түзөт.

## Материалдар жана методика

Изилдөөлөр 2012-жылдан 2019-жылга чейин жай мезгилдеринде «Саркент» мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагынында, Асман жайлоо, Кашка суу, Көл, Эски мечит, Бек суу, Теңизбай жана Айкөл капчыгайларында жана сырт зооналарында жүргүзүлдү. Жылдын калган күз, кыш, жай мезгилдериндеги маалыматтар егерлердин жыйнаган маалыматтары боюнча алынды.

Изилдөө объектилеринин негизин омурткалуу жаныбарлар түзөт, анын ичинде жапайы доңуз (Sus scrofa Linnaeus, 1758) жана ошол эле учурда башка сүт эмүүчү омурткалуу жаныбарлардын түрдүк курамдарын аныктоо, саноо иштери жүргүзүлдү.

Териологиялык материалдарды жыйноодо рекогносцировдук маршрут боюнча жөө, атчан, дүрбүнүн жардамы менен визуальдык байкоолор жана алар дайыма сак болгондуктан жатак издерине, экскременттерине көңүл бурулду. Андан сырткары түздөн-түз жайлоо тургундарынан, мергенчилерден, эски браконьерлерден жана аксакал карыялардан сурамжылоо аркылуу жүргүзүлдү.

Жалпы изилдөө иштерин жүргүзүү мезгилинде 1252 км маршруттук санак басып өтүлгөн. Алардын баш санынын жыштыгы визуалдык-маршруттук метод менен алардын үйүрлөрү боюнча аныкталды. Санак тилкесинин кеңдиги 1000-1500 метрге чейинки аралыкты түзөт. Санак маршрутундагы эсептик маалыматтары Г.А.Новиковдун [9] «Полевые исследования по экологии наземных позвоночных» А.С. Рак ж. б., [10] «Методы учета охотничьих животных в лесной зоне», К.А. Абдисатаровдун [1] «Сохранение биологического разнообразия млекопитающих государственного заповедника Кулун-Ата» деген эмгектеринде берилген. Жаныбарлардын сандык көрсөткүчтөрүнүн катышы 1000 га же, 1 км2 аянттагы жандыктардын санынын санак маршруту боюнча басып өтүлгөн узундугунан чыгарылды.

Жаныбарлардын саны жергиликтүү жашоочулардан, мергенчилерден сурамжылоонун жана экспедиция мүчөлөрүнүн, егерледин өздөрүнүн жеке байкоолорунун негизинде аныкталды.

Изилдөө иштерин жүргүү мезгилинде жалпысынан 50 респонденттен маалымат алынган. Алардын түрдүк курамын аныктоодо В.Е.Соколовдун [13], А.Бобринскийдин [4], Б.А.Кузнецовдун [6], А.И.Янушевич [16], Б.К.Кулназаров [7] жана башка окумуштуулардын илимий эмгектери пайдаланылды.

Изилденген материалдардын сандык көрсөткүчтөрүнүн жыйынтыгы биологиялык статистикадагы жалпы кабыл алынган формулалардын негизинде статистикалык иштетүүдөн өткөрүлдү [11].

## Изилдөөнүн жыйынтыктарынын талкуусу

Доңуз КМШ өлкөлөрүнүн аймактарында абдан кеңири таркалган ача туяктуу жаныбарлардын түрлөрүнүн бири болуп саналат. Алардын таралуу ареалынын чеги Прибалтиканын аймактарын жана Россия федерациясынын борбордук бөлүктөрүнүн бир катар областтарын, Украинанын, Молдованын, Кавказдын, Казахстандын, Орто Азиянын аймактарын, андан ары Сибирдин түштүк райондорун, Ыраакы чыгышка чейин камтып турат. Жапайы доңуздун жалпы саны бир канча жүз миң баш болуп саналат (Н.А.Бобринский, Б.А.Кузнецов ж.б., 1965[4]; Ю.Н. Чичикин ж.б., 1967 [14].).

Бул жаныбардын Кыргызстандын аймагы боюнча таралуу ареалы азыркы учурга салыштырмалуу бир кыйла кеңири болгон жана деңиз деңгээлинен 3300м бийиктикке чейин кездешкен учурлары болгон. Бирок, учурда табыгый экосистемага карата адам баласынын иш аракетинин күчтүү таасиринен: промыселдик иш чаралардын күчөшү, ландшафттардын өзгөрүүсү, чарбачылык жана сугат иштеринин күчөшү бул жаныбарлардын түрүн асыл топурактуу аймактардан сүрүп чыгарып койду. Алсак, өткөн кылымдын 30-жылдарынан баштап айыл-чарбалык жер иштетүүнүн аянтынын кеңейиши менен маданий өсүмдүктөргө тийгизген терс таасиринен улам аларды зыянкеч катары эсептеп, аларга карата жок кылуу чаралары колдонулуп, калк арасында атайын жапайы доңузду жок кылуу боюнча атайын сыйлык берүү жагы каралып, үндөө иштери жүргүзүлгөн.

Бирок, акыркы жылдары жапайы доңуздун санынын массалык азайып кеткендигине жана алардын жашоо чөйрөлөрүнүн кыскарып баратышына байланыштуу алардын санын андан ары кыскартууну токтотуу зарылчылыгы келип чыккан. Ошондуктан, жапайы доңузга карата аңчылык кылуунун мезгилдик мөөнөттөрү киргизилип, 1963-жылдан баштап аңчылыкты чектөө максатында аңчылык иштерди жүргүзүү иш кагазы (лицензия) бериле баштаган. Мына ошондон тартып алардын баш саны бир кыйла калыбына келе баштаган. 1990-1993-жылдарга чейин Чаткал кырка тоолорунда, Токтогул токой чарбачылыгында, Узун-Акмат капчыгайында, Чычканда, Афлатун, Аркыт жана Жаңы-Жол токой чарбачылыгында, Сары-Челек биосфералык коругунда жана Фергана кырка тоолорунда, Арсланбаб, Кызыл-Үңкүр, Доңуз-Тоонун ж.б. аймактарында абдан көп кездешкен (Н.А.Северцов, 1953; Ю.Н.Чичикин, 1967 [12, 15].).

Жаңгак мөмө-жемиш токоюнда жапайы доңуздун тоюту абдан эле ар түрдүү. Анткени, алардын тамак рационунда жаныбардык азыгына салыштырмалуу чөп азыгынын көлөмү, биомассасы боюнча да, түрдүк курамы боюнча да басымдуулук кылат. Жапайы доңуздар май, июнь айларында жаныбардык азык менен ушунчалык көп тамактанганда да алардын карынындагы жалпы азыгынын көлөмүнүн 30-40% жетпейт. Ал эми жайдын аягында, күзүндө жана кышында алардын тамак рационунун суткалык көлөмүнүн 90% өсүмдүк азыгы түзөт (Ю.Н.Чичикин ж.б., 1967а) [15]. Демек, анын тамак рационунун анализи көрсөтүп тургандай алар аралаш тамак менен тамактанган чакта да алардын трофикалык спектринин көпчүлүк пайызын өсүмдүк тоюту түзгөндүктөн жапайы доңузду фитофаг жаныбарлардын группасына кошууга толук мүмкүнчүлүк бар (Б.К.Кулназаров, 2003[7].).

Б.К.Кулназаровдун маалыматтары боюнча Кыргызстандын түштүк регионунунда жапайы доңуздун ареалы бир кыйла кеңири. Алар Чаткал, Фергана, Алай жана Түркстан кырка тоолорунун бардык аймактарында кездешет. Айрыкча Чаткал жана Фергана кырка тоолорундагы жаңгак-мөмө-жемиш токойлорунда алардын сандык көрсөткүчү бир кыйла жогору болуп, 1993-2002-жылдарга чейинки баш саны 1 000 гектарына 3,30 - 9,19 башка чейин, 3,65 - 12,74 башка чейин жеткен.

Ушул эле жылдары Алай жана Түркстан кырка тоолорунда жапайы доңуздун отурукташуу жыштыгы бир кыйла төмөн болуп, 1 000 гектарына 1,20 - 4,40 баш жана 1,26 - 3,15 башка чейин араң түзгөн.

Түркстан кырка тоолорунда жапайы доңуздар айрыкча арча токойлорун мекендешип, алардын баш саны арча токойлордо 1 000 гектарына 1,72 баштан 3,80 башка чейин түзгөн.

Бирок, адабияттык маалыматтарга караганда Кыргызстандын түштүк аймактарында акыркы мезгилдерде жапайы доңуздун саны абдан эле төмөнкү чекке түшүп кеткен. Алсак, кээ бир адабияттык маалыматтар боюнча мындан 20-25 жыл мурун Кыргызстандын түштүгүндө жапайы доңуздун саны абдан жогору болгон. Мисалы, Сары-Челек биосфералык коругунун аймагында алардын отурукташуу жыштыгы токой массивдеринде 1 000 гектарына 5 баштан тартып 20-30 башка чейин болсо, айрым кол тийбеген капчыгайларында 1 000 гектарына 150 башка чейин туура келип, ал турсун кайсы бир аймактарында 1 000 гектарына 500 башка чейин туура келген учурлары болгон. Тагыраак айтканда бул аймакта республика боюнча жалпы жапайы доңуздун запасынын 80 пайызын түзгөн (Ю.Н.Чичикин, Г.Г.Воробьев, 1967а [15].).

«Саркент» мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагында жапайы доңуздар (Sus scrofa (Linnaeus, 1758) Асман Жайлоо, Кашка-Суу, Көл, Эски Мечит, Бексуу, Теңизбай жана Айкөл капчыгайларындагы арча токойлордо кездешет.

Жапайы доңуздун (Sus scrofa (Linnaeus, 1758) таралуу жыштыгынын маалыматтары боюнча анализи 1 – 2 - таблицада берилген. Изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча каман акыркы жылдары азайып, мамлекеттик жаратылыш парк уюшулгандан алардын сандык көрсөткүчү бир аз жогорулаган. Жалпы парктын аймагындагы жапайы доңуздун таралуу жышытыгы 2012 – 2019- жылдар аралыгында 2017-жылды эске албаганда 1 000 гектарына 0,57±0,25баштан 3,37±0,25башка чейин өскөндүгү байкалып турат. 2017-жылы жапайы доңуздун орточо көрсөткүчү 1000гектарына 2,22±0,24башка төмөндөп кеткен. Алардын санын төмөндөп кетишинин себептерин кыштын оор болушу, тоюттун жетишсиздиги, браконерчилик менен түшүндүрсө болот. Ал эми парктын аймагындагы ар бир капчыгайлардагы (обход) жапайы доңуздун таралуу жыштыгына анализ жүргүзгөндө алардын таралуу жыштыгы да бири-биринен аймактын шартына жараша өзгөчөлөнүп турат. Алсак, таралуу жыштыгы боюнча бир кыйла жогорку көрсөткүчкө ээ болгон капчыгайлардын бири болуп, Асман Жайлоо жана Бексуу.

Асман-Жайлоо капчыгайында жапайы доңуздун баш саны акыркы жылдары 1 000 гектарына 1,32±0,06 баштан 6,86±0,06; 8,18±0,06 башка чейин өскөн, Бексууда 1 000 гектарына 3,03±0,03баштан 3,37±0,03башка барабар. Кээ бир аймактарда Теңизбайда алгачкы жылдары жапайы доңуз кездешкен эмес, кийинки жылдары алардын башы кескин жогорулап 1000 гектарына 4,58±0,05 жана 4,33±0,03башка барабар болгон. Ал эми, Кашка Суу, Көл, Эски Мечит, жана Айкөл капчыгайларында жапайы доңуздун таралуу жыштыгы 1 000 гектарына 1,90±0,01баш менен 2,96±0,02баштын аралыгын түзөт. Бул маалыматтардын жыйынтыгы боюнча алып караганда дагы эле болсо жапайы доңуздун саны өткөн кылымга салыштырмалуу өтө эле төмөнкү чекке түшүп кеткендиги байкалып турат. Анткени, акыркы мезгилдерде коргоого алынган аймактардын сырткарыкы аймактарда дагы эле болсо, браконердик басым күч алып, экинчи жагынан тиричилик чөйрөлөрү кыскарып, антропикалык күчтүн кубаттуу таасири астында калып жатышат (1-сүрөт). Ошондой эле алардын баш саны жылдар боюнча жана аймактар боюнча өйдө төмөн болуп өзгөрүп турат. Анткени алар тоют базасына жана шарттын убактылуу өзгөрүүсү менен бир капчыгайдан экинчи капчыгайга ооп көчүп турушат.

**1-таблица.** “Саркент» мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагындагы жапайы доңуздун (Sus scrofa Linnaeus, 1758) 2012-2019-жылдар аралыгындагы 1000 гектардагы таралуу жыштыгы

| Аймактар-дын аталышы | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | га/особ | га/особ | га/особ | га/особ | га/особ | га/особ | га/особ | га/особ |
| Асман Жайлоо | 1,32±0,06 | 1,32±0,04 | 2,64±0,03 | 3,16±0,03 | 5,01±0,05 | 3,16±0,03 | 6,86±0,06 | 8,18±0,06 |
| Кашка Суу | 0,27±0,01 | 0,54±0,02 | 1,08±0,01 | 1,36±0,01 | 0,68±0,01 | 1,63±0,02 | 2,58±0,02 | 2,85±0,02 |
| Көл | 0,55±0,02 | 0,74±0,02 | 2,59±0,03 | 3,51±0,03 | 1,85±0,02 | 1,48±0,02 | 2,59±0,02 | 2,96±0,02 |
| Эски Мечит | 1,51±0,06 | 1,92±0,06 | 3,15±0,03 | 2,74±0,03 | 3,15±0,03 | 2,05±0,02 | 2,33±0,02 | 2,47±0,02 |
| Бексуу | 0,34±0,01 | 1,01±0,03 | 2,86±0,03 | 3,71±0,03 | 3,20±0,03 | 2,86±0,03 | 3,03±0,03 | 3,37±0,03 |
| Теңизбай | 0 | 0 | 1,27±0,01 | 0,76±0,01 | 1,76±0,02 | 4,58±0,05 | 4,07±0,03 | 4,33±0,03 |
| Айкөл | 0 | 0 | 2,8±0,03 | 2,70±0,03 | 4,1±0,04 | 1,11±0,01 | 1,74±0,01 | 1,90±0,01 |
| **Жалпы:** | **0,57±0,25** | **0,8±0,02** | **2,37±0,25** | **2,57±0,25** | **2,72±0,25** | **2,22±0,24** | **3,02±0,25** | **3,37±0,25** |

**2-таблица**. **“**Саркент» мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагындагы жапайы доңуздун (Sus scrofa Linnaeus, 1758) 2012-2019-жылдар аралыгындагы сандык көрсөткүчтөрүнүн динамикасы

| Аймактардын аталышы | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | % | % | % | % | % | % | % | % |
| Асман Жайлоо | 0,70±0,31 | 0,70±0,31 | 1,41±0,44 | 1,69±0,48 | 2,68±0,61 | 1,69±0,48 | 3,67±0,71 | 4,38±0,79 |
| Кашка Суу | 0,28±0,19 | 0,56±0,28 | 1,13±0,39 | 1,41±0,44 | 0,70±0,31 | 1,69±0,48 | 2,68±0,61 | 2,96±0,64 |
| Көл | 0,28±0,19 | 0,56±0,28 | 1,98±0,52 | 2,68±0,61 | 1,41±0,44 | 1,13±0,39 | 1,98±0,52 | 2,26±0,56 |
| Эски Мечит | 0,28±0,19 | 1,98±0,52 | 3,25±0,67 | 2,82±0,62 | 3,25±0,67 | 2,12±0,54 | 2,40±0,57 | 2,54±0,59 |
| Бексуу | 0,28±0,19 | 0,85±0,34 | 2,40±0,57 | 3,11±0,65 | 2,68±0,61 | 2,40±0,57 | 2,54±0,59 | 2,82±0,62 |
| Теңизбай | - | - | 0,70±0,31 | 0,28±0,20 | 0,99±0,37 | 2,54±0,59 | 2,26±0,56 | 2,40±0,57 |
| Айкөл | - | - | 2,54±0,59 | 2,40±0,57 | 3,67±0,71 | 0,99±0,37 | 0,28±0,19 | 1,69±0,48 |
| **Жалпы:** | **3,25±0,67** | **4,66±0,79** | **13,4±1,28** | **14,5±1,33** | **15,4±1,36** | **12,6±1,24** | **17,1±1,41** | **19,1±1,47** |

Ошондуктан парктын аймагында жапайы доңуздун сандык динамикасы кескин айырмаланып турат (1–2-таблица). Алсак, 2012-жылдары парктын уюшулушунун алгачкы жылдарында алардын пайыздык көрсөткүчү абдан эле төмөн болгон. Парктын аймагы боюнча жалпы алынган жапайы доңуздун санынын 3,25±0,67%гана түзөт. Ал эми 2012-2019-жылдар аралыгындагы жапай доңуздун сандык көрсөткүчтөрүнүн диамикасында бир кыйла өзгөрүүлөр жүргөндүгүн байкоого болот. Кээ бир капчыгайларда сегиз жыл аралыгында жапайы доңуздун пайыздык көрсүткүчү бир аз өскөн. Бек-Сууда - 0,28±0,19% дан 2,82±0,62% га чейин; Асман Жайлоодо - 0,70±0,31% дан 4,38±0,79% га чейин; Кашка Сууда- 0,28±0,19% дан 2,96±0,64% га чейин жогорулагандыгы аныкталган ; Ай-Көлдө адегенде 2,54±0,59% дан 3,67±0,71% га чейин жогорулап, кайра 1,69±0,48% төмөндөп кеткендиги аныкталган. Бирок, кандай болгондо да парктын аймагында жапайы доңуздун өсүү динамикасы өтө төмөн экендиги байкалып турат.

**Корутунду**

Изилденген материалдарга талдоо жүргүзүүнүн натыйжасында төмөндөгүдөй корутунду чыгарууга болот.

1.Адабияттык маалыматтардын анализи боюнча 1993-2002-жылдар аралыгында Түркстан кырка тоолорунда жапайы доңуздун отурукташуу жыштыгы бир кыйла төмөн болуп, 1 000 гектарына 1,26 - 3,15 башка чейин араң түзгөн. Түркстан кырка тоолорунда жапайы доңуздар айрыкча арча токойлорун мекендешип, алардын баш саны арча токойлордо 1 000 гектарына 1,72 баштан 3,80 башка чейин түзгөн.

2.Учурдагы изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча (2012 – 2019-ж.) парктын коргоо алынган аймактарынын кээ бир капчыгайларында жапайы доңуздун таралуу жыштыгы 1000гектарына 8,18±0,06башка чейин жеткендиги аныкталды.Ал эми жалпы парктын аймагы боюнча 1000гектарына 3,02±0,25 баштан 3,37±0,25башка барабар.

3.Парктын аймагында жапайы доңуздун сандык динамикасы кескин айырмаланып, Бек-Сууда 0,28±0,19% дан 2,82±0,62% га чейин; Асман Жайлоодо - 0,70±0,31% дан 4,38±0,79% га чейин; Кашка Сууда- 0,28±0,19% дан 2,96±0,64% га чейин жогорулагандыгы аныкталган. Ал эми жалпы парктын аймагы боюнча 3,25±0,67 пайыздан 19,1±1,47пайызга чейин жогорулагандыгы аныкталды.

**Колдонулган адабияттар**


1. Абдисатаров К.А. «Сохранение биологического разнообразия млекопитающих государственного заповедника Кулун-Ата» [Текст]: автореф. дис. канд.биол.наук. 03.00.08 /К.А.Абдисатаров. – Бишкек, 2013. – 21 с.
2. Абжамилов С. "Саркент" мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагында илбирстин (uncia uncia schreber, 1775.) таралуу өзгөчөлүктөрү Наука, новые технологии и инновации кыргызстана №2 2022, 61-65с
3. Абжамилов С.Т. «Саркент» мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагында сибир тоо текесинин(Capra (Ibex) sibirica Pallas, 1776) саны жана динамикасы / Матибали уулу Шерали., Атабеков У.А., Дапинова М.А., Канатбекова А.К.// Ош мамлекеттик университетинин ОшМУнун Жарчысы. Химия. Биология. География, – 2024. – No. 2(5). – P. 15-23. – DOI: 10.52754/16948688_2024_2(5)2. – EDN BLQHER.
4. Бобринский Н.К., Кузнецов Б.А., Кузякин А.П. Определитель млекопитающих СССР [Текст]. –М.: Просвещение. 1965. –381с.
5. Злотин Р.И., Исаков Ю., Ходашова К.С. Роль животных в функционировании экосистем \\ МОИП Ин-т Геогр. АН СССР, Гл. упр. охр. запов. и охот, хоз-ва МСХ СССР. М.: Наука, 1975. - 170 с.
6. Кузнецов Б.А. Определитель позвоночных животных фауны СССР [Текст]. Ч.3. –М.: Изд-во Просвещение, 1975. –208с.
7. Кулназаров Б.К. Млекопитающие юга Кыргызстана, проблемы их охраны (монография). Биолого-почвенный институт НАН КР [Текст]. -Бишкек, 2008. -216 с.
8. Кулназаров Б.К., Байдоолотов Н.Б., Токторалиев Б.А. Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү, аларды коргоо жана сарамжал пайдалануу проблемалары [Текст]. –Ош, 1994. -168с.

9. Новиков Г.А. (1953), «Полевые исследования по экологии наземных позвоночных» [Текст] / Г.А.Новиков М. :- Л.: Изд. АН СССР. 1954. – 204с.
10. Рак А.С. «Методы учета охотничьих животных в лесной зоне» [Текст]. /А.С. Рак и др. 1973.
11. Рокицкий П.Ф. Биологическая статистика. 3-е изд. [Текст]. –Минск: Высш. шк., 1973. -320с.
12. Северцов Н.А. Вертикальное и горизонтальное распределение туркестанских животных [Текст]. –М.: Изд-во АН СССР, 1953. -270с.
13. Соколов В.Е. Систематика млекопитающих [Текст]./ В.Е.Соколов. Т.1. –М: Высш. шк., 1973. -430с.
14. Чичикин С.Н. Жапайы туяктууларга туруктуу тоют базасы керек //Кыргызстандын жаратылышын сүйгүлө, коргогула.-Фрунзе , Кыргызстан.1967. –С. 43 – 49.
15. Чичикин С.Н., Воробьев Г.Г. Дикий кабан юга Киригизии. – Фрунзе: Кыргызстан. 1967. -79с.
16. Янушевич А.И. и др. Млекопитающие Киргизии /Янушевич А.И., Айзин Б.М. и др.; [Текст]. Отв. ред. Громов И.М., Янушевич А.И. –Фрунзе: Изд-во Илим, 1972. -464с.